DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Эргешали кызы Актилек, Мейманова К.А., Жоробек кызы Г.*

# ТУРДАЛИ ИМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

*Эргешали кызы Актилек, Мейманова К.А., Жоробек кызы Г.*

# ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ТУРДАЛИ ИМАТОВА

*Ergeshali kyzy Aktilek, K. Meymanova, Zhorobek kyzy G.*

# THE EDUCATIONAL SIGNIFICANCE OF THE WORKS OF TURDALI IMATOV

*УДК: 373.51*

*Бул макалада Турдали Иматовдун өмүр жолу жана анын чыгармаларынын тарбиялык мааниси жөнүндө баяндалды. Эл арасында кеңири тараган терең маанилүү макалда «Атанын уулу болуу – урмат, элдин уулу болуу – кымбат» - деп айтылат. Көпчүлүк уулдарга атанын уулу болуу насип болоор, бирок, миңден бир адамга гана элдин уулу деген улуу наам татыктуудур. Мына ушул наамга өз күчү, талыкпаган эмгеги, көрөгөчтүгү менен жеткен агайыбыз Иматов Турдали. Т. Иматов жөнүндө сөз баштоо «Ичип бүткүс океан, басып бүткүс жол» – дегендей эле адамдык асылдуулуктун мелжиген мейкинине кирүү менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан, бул макаланын мазмунунда алыскы бир чөлкөмдө бир жогорку окуу жайынын түптөлүшүнө себепчи болуп, өз салымын кошкон Т. Иматовдун чыгармачылык өмүр жолу, чыгармаларынын тарбиялык мааниси, анын жаш муундарга тийгизген таасири жөнүндө кыскача окуп билген маалыматтар жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *таалим-тарбия, ырлар, элдин уулу, Баткен, мугалим, билим берүү.*

*В этой статье рассказывается о жизненном пути Турдали Иматова и воспитательном значении его работ. Глубоко важная пословица, распространенная в нашем народе, гласит: «Быть сыном отца – это честь, быть сыном народа – это гордость». Многим сыновьям суждено быть сыном отца, но только один из тысяча человек заслуживает великого звания сына народа. Данного звания достиг наш брат Иматов Турдали своей силой, трудолюбием и дальновидностью. Заговорить об Иматове – значит войти в царство человеческого благородства, как говорится, «Бесконечный океан, бесконечное путешествие». Таким образом, содержание данной статьи представляет собой краткий обзор творческой жизни Турдали Иматова, внесшего свой вклад в создание университета в отдаленной местности, образовательной ценности его работ и их влияния на подрастающее поколение.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, стихи, сын народа, Баткен, учитель, образование.*

*This article describes the life path of Turdali Imatov and the educational significance of his works. A deeply important proverb, common among our people, says «To be the son of the father is an honor, to be the son of the people is pride". Many sons are destined to be the son of the father, but only one out of a thousand people deserves the great title of the son of the people. Our brother Imatov Turdali achieved this title with his strength, hard work and foresight. To talk about Imatov means to enter the realm of human nobility, as they say, «An endless ocean, an endless journey". Thus, the content of this article is a brief overview of the creative life of Turdali Imatov, who contributed to the creation of a university in a remote area, the educational value of his works and their impact on the younger generation.*

***Key words:*** *upbringing, poems, son of the people, batken, teacher, education.*

Иматов Турдали агай 1957-жылы 4-мартта Баткен районунун Сан-Сарай кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1974-жылы В.И.Ленин атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1975-жылы аскерге чакырылып, мекенди коргоо кызматын өтөгөн. 1977-жылы Кыргызстанга кайра келип, ОГПИнин чет тилдер факультетине кирип, аны 1982-жылы аяктаган. Алгачкы жолу 8-класста окуп жүргөндө «Кызыл-Туу» гезитинде «Чабан кыз, алоо болуп» деген ырлары «Кыргызстан пионери», «Ленинчил жаш», «Ленин жолу», «Ош жаңырыгы», «Азия нуру» гезиттеринде да ырлары жарыяланып келди.

1982-2002-жылдар арасында мектепте мугалим, эл депутаттарынын Баткен райондук кеңешинин аткаруу комитетинин инструктору, элге билим берүү бөлүмүнүн инспектору, райондук методикалык кабинеттин башчысы, райондук профсоюз комитетинин төрагасы, райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин Баткендеги филиалынын директору, БатМУнун проректору болуп иштеген. 1995-жылы «КР билим берүүсүнүн мыктысы» Төш белгиси менен сыйланган.

2001-жылы Бишкек шаарынан Сабыр басмасынан «Айгүл тоо кайрыктары» – деген ат менен ырлар жыйнагы басылып чыккан. 2001-жылы Кыргызстан жазуучулар Кошунунун мүчөсү болгон. Ош областтык билим берүү бөлүмүнүн жана КРнын билим берүү жана маданият министрлигинин «Ардак граматалары» жана баалуу сыйлыктары менен сыйланган.

1998-жылы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин Баткендеги филиалынын директору, 1999-жылдан баштап Баткен мамлекеттик университетин түптөп, анда проректорлук кызматта иштеп, 2001-жылы И.Абдивалиев менен биргеликте «Кыргыз тили сабактарында байланыштуу кепти окутуу» деген китеби жарык көргөн.

2002-жылдан баштап КРнын айыл суу чарба департаментинин маркетинг башчысынын орун басары кызматында иштеп, 2014-жылы КРнын «Суу чарбасынын отличниги» 2016-жылы КРнын Ардактуу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



инсандар коомунун мүчөсү, «Эл сүйгөн жетекчи» төш белгисинин ээси болгон.

2017-жылы «Унутулгус учурлар» ырлар жыйнагы жарык көргөн.

2018-жылы И Арабаев атындагы КМУнун Манас таануу институтунун директорунун орун басары, «Ардактуу профессору» болгон.

Эл арасында «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерет» - дегендей Турдали Иматов агайыбызды да жакындары, санаалаштары, кесиптештери азыркы күнгө чейин эскерип келишүүдө. Агайыбыз жөнүндө психология илимдеринин кандидаты, профессордун м.а. И.Арабаев атындагы КМУнун окуу иштер боюнча проректору Коңурбаев Т.А мындай эскерет: «Күндөрдүн бириндe профессор М.Рахимова чакырып калды. Барсам, жанында толмоч келген, энергиялуу, келбети келишкен, салабаттуу жигит отурган экен. «Таанышып алгыла, Баткендеги биздин филиалдын директору» – деп М.Рахимова мага кайрылды жана керектүү документтерди даярдап, жакын арада Баткенге барып, филиалдын жалпы абалына көзөмөл жасап келүүнү сунуш кылды. Баткенге барсак айылдаштары Турдали акени өздөрүнчө «Биздин Дүйшөн» - деп атап алышкан экен. Чынында өз колу менен имаратты оңдоп-түзөп, борбордо жайгашкан окуу жайдын филиалын ачып, бир жылда эле 400, 500 студентти кабыл алып, окутуп, андан кийин 1000деген студенттерге жогорку билим тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплом алып берген адам, бүгүнкү күндүн Дүйшөнү болбогондо, ким болот эле» [4].

Турдали агайга бул улуу ысымды эл жөндөн-жөн бербесе керек. Анын жасаган эмгегинин, эрдигинин жыйынтыгында гана, сыймыктанышып, «Дүйшөн» деген ысым ыйгарышкан.

Ал эми, агайыбыздын дагы бир кесиптеши, тарых илимдеринин доктору, профессор Кененсариев Ташмамбет мындай эскерет: «Турдалынын мүнөзү жумшак, бирөөгө катуу айтпаган, иш билги педагог-тарбиячы экендигин баарыбыз сыйлачубуз. Айрыкча, көңүл көтөрүнкү даталуу күндөрдө, майрамдарда жамаат менен чогуу чараан отуруштарда, анын майын сөздөрү окуган ыр саптары, али да кулагымда. Жүрөгү ооруп, ооруканага жатканда бара калганыбызда, аны билгизбөөгө тырышчу. Жакшы гана жактарын айтчу. Ден-соолугуна байланыштуу жумуштан бошогондон кийин телефондошуп да турдук. Ал үйүнөн эртен менен чыгып, 5-6 чакырым басаарын, ден-соолугу жакшырып, жүрөгүнүн иштеши нормалдашып калганын айтчу. Аттин, акыркы күндөрүндө аны көрө албаганыбызга, күнүмдүк албуут турмуштун айынан баарлашууга убакыт таппаганыбызга кейип кетем. Турдалыдай дасыккан педагогдор, жумшак мүнөздүү лирик адамдар Кыргызстаныбызда татыктуу жаш муундарды тарбиялоого салым кошооруна бөркүмдөй ишенсем да, анын кыска өмүрү көп иштерди жасоого үлгүрттүргөн жок. Ошентсе да, Турдалынын, үй-бүлөсүнүн, туугандарынын, жолдошторунун жана кесиптештеринин арасында ал жөнүндө жылуу гана сезимдер калып, «Эр эмгегин, эли эскерет» деген сымал эскертме пикирлер калды. Эми Турдалынын арбагына багыштап кураан окуп, эскерме пикирлер менен катар эле анын үлгүрө албай калган иштерин, жазылбай калган өмүр саптарын урпактары улаар деген үмүт менен өмүр көчүн өксүтпөй жүргүзө берүү гана адамдык парзыбызды аткартат деген ойго келесин» [4].

Агайыбыздын дагы бир кесиптеши тарых илимдеринин кандидаты, доцент Байас Турал, Турдали агайыбыз жөнүндө мындай эскерет: «Турдали кеченин көркү эле. Ыр кесенин кезеги келгенде, «Жамгыр төктүнү» созолонтуп, опер ыр менен ырдаган Топчукени айтпаганда, башкабыз Турдалиден ашып ырдай алчу эмеспиз. Ырахматы, үнү да мыкты, өзү да сезим козгогон ырларды уккулуктуу соонун ырдачу. Эки-үч ырды ырдаганда (текстти өзүнүкү болчу), биз баарыбыз коштоп, кыргызча уу-чуу түшүп кыйкырат элек. Бизди тейлеп жүргөн кыз «Агайлар акырыныраак болосуздарбы, үнүңүздөр көчөгө угулуп жатат» – деп, сөзсүз эки-уч жолу эскертме берчү. Турдалини студенттер да жакшы көрүшчү. Ал өзү кураторлук кылган тайпа менен абдан тыгыз мамиледе эле. Студенттер ага ар кандай көйгөйлүү проблемалары менен кайрылып турушкан. Ал ар бир студенттин аты-жөнүн эле эмес, ата-энесин, бир-туугандарын, алардын кайда окушаарын же иштешээрин жатка билчү.

Кайран Тукем, жигиттин гүлү болчу. Оор басырыктуу, жибектей созулган мыкты интеллигент инсан эле. «Көзү өтүптүр» деген сөздү угуп, көзүмдөн жаш сызылды, көкүрөгүм мунга толуп, жүрөгүм кысылды. Аттин арман. Адам ушинтип агып келип, агып кете берет турбайбы. Сени менен бирге иштешкендер, биз сени көп эстейбиз» [4].

Мындан биз агайдын чыгармачылыка абдан эле жакын экендигин байкасак болот. Иматов Турдали агайдын 2001-жылы Бишкек шаарынын сабыр басмасынан «Айгул тоо кайрыктары» - деген ат менен ырлар жыйнагы басылып чыккан. Андан сырткары, 2001-жылы Кыргызстан жазуучулар Кошунунун мүчөсү болгон. Дагы бир китеби «Унутулгус учурлар» 2007-жылы жарык көргөн.

Баткен жергеси байыртадан талантка бай келгенин ким билбейт. Башкасын айтпаганда да, Тургунбай Садыков, Курбаналы Сабыров, Саламат Садыкова, Аппаз Жайнаковдун ысымы аалам аралап кетпедиби. Ал эми, Эгемберди Эрматов, Мурзапар Усон,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Нооман Сайдуллаев менен катар эле калем кармап ыр дүйнөсүнө кирген калемгерлердин бири - Турдалы Иматов.

Турдали агайыбыздын чыгармачылыгы жөнүндө сөз кыла турган болсок, агайдын чыгармалары жогорку денгээлде, мыкты жазылган, окуган адамга жөн гана ырдын ырахатын тартуулабастан, кандайдыр бир денгээлде тарбиялык мааниси терең болгон, жаш муундарды элди-жерди сүйүүгө, сыйлоого, адамдардын арасындагы сый-урматты күчөтүүгө багытталган чыгармалар десек жаңылышпайбыз. Андан сырткары, Турдалы Иматов өзүнүн кесиби мугалим болгондуктан, адамдарды билим алууга дагы чакырып кеткен ырлары бар. Мисалы, «Унутулгус учурлар» деген ыр китебинде «Билим күнү» деген ырын алсак болот.

Бул мектептен алар он жыл окушат,
Билим алып турмушка жол алышат.
Мектеп деген билим алуу башаты,
Билимдүүлөр курат мыкты заманды.
Ушул ойлор ээлеп турду эркимди,
Улуу жолдун нугун эртен табышат.
Кадырына жетсек эгер окуунун,
Келечектин ошол улуу адамы [3].

Бул ырды окуп турганыбыздай, мектеп жөнүндө, билим жөнүндө жана анын адам турмушундагы ролу жөнүндө жазылган ыр. Турдали агайыбыздын ырларында Баткен жергесинин керемет өңү-түсү, өрүк зары, бал татыган газенек өрүгү, жаштардын аруу махабаты кызыл сызык болуп жүрүп олтурат. Турдалы Иматовдун ырларын алгачкы жолу эле окуган адам, анын Ата-Мекенге болгон сүйүүсүн, патриоттуулук сезимин байкайт. Мисалы, «Унутулгус учурлар» ыр жыйнагындагы Ата-журт деген чыгармасы:

Ата-журт дагы канча толгоносун,
Адамды көрүп билдин оңолбосун.
Арамдык жер бетинен кетмейинче,
Акыйкат эч бир жерде орнобосун.
Кыргызым бир өзүндү байырлаган,
Келгинге бир четинди бастырбаган.
«Манастай» эрлер эми сенде кайда,
Манкурту чыгып жатат жерди саткан.
Мезгилдер эсиндедир сен өткөргөн,
Мал тоюп, өрүшүндө чөп көгөргөн.
Майдалап тоо-ташынды казып барат,
Мөңгүлүү тоолор кулап бийик тордон.
Ата журт айтчуу сага сөзүм арбын,
Арданам билбестерге сенин баркын.
Ааламдан издеседа сендей таппайт,
Ата-журт мен алдында алсызыңмын,
Аттырды тоо жандыгын акылсызын.
Токойун, бадалдарын кыйылууда,
Токтотпой тургундарын бул кылыгын.
Ата журт сен бар үчүн мен да бармын [3].

Агайыбыздын бул чыгармасын окугандан кийин ар бир инсан анын Ата-Мекенине, Ата-журтуна, туулуп өскөн жерине болгон сүйүүсүн байкабай койбойт. Бир эле бул чыгармасында эмес, Турдали Иматов агайыбыздын баардык жазган чыгармалары маанимаңыздуу, тарбиялык мааниси кенен, окуган ар бир адамды мекенди сүйүүгө, патриоттуулука чакырган чыгармалар. Мындан сырткары жаратылышты коргоо, аны көздүн карегиндей сактоого да чакырып кетет. Иматов Турдалынын башка жазуучулардан айырмасы, анын чыгармаларында азыркы учурду чагылдырган, азыркы учурда болуп жаткан глобалдуу маселелер козголот.

Т. Иматов туулган жердин турпатын сүрөткө тартканга умтулат, Айгүл гүлүн даңазалоодо өрүк зардын элестери анын боектору катары кызмат кылат. Ага мисал катары анын «Айгүл тоо кайрыктары» аттуу ырлар жыйнагындагы Айгул тоо ырын айтып өтсөк болот.

Биз барганда ээрчишип Айгүл тоого,
Ай тийиптир эми эле аркы зоого.
Ай алдында шамалга ыргалышат,
Айга тосуп жүздөрүн өйдө боло.
Айгүл гүлү өзүндөй ачылыптыр,
Ар бир сабы мончоктой гүлгө толо.
Ааламдагы гүлдөрдүн ханышасын,
Арнагым бар өзүнө ырга кошо [2].

Турдали Иматов өзүнүн бир канча досторуна, кесиптештерине арнап дагы ырлар жазган. Маселен, «Унутулгус учурлар» деген ыр жыйнактарында өзүнүн кесиптеши, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек синирген ишмер, акын «Акыйкат жолу» коомдук бирикмесинин төрайымы, укук коргоочу, Бубүайша Арстанбековага арнап «Акыйкатчы акынга» деген ырын жазган.

Сен көтөрүп оор жүгүн турмуштун,
Сыноосуна чыйраласын чөкпөстөн.
Кайратын бар чырайына жарашып,
Көп жигиттин ичин тилип өрттөгөн.

Өйдө-төмөн айтылгандыр көп сөздөр,
Кылган ишин ушак менен ченелбес.
Алыстарда иштеп жашап жүргөндөр,
Алкыш айтып жүрүшпөйбү түгөнбөс [3].

Бул чыгарманы окуган адам, агайыбыздын досторуна кайдыгер эместигин, достору, кесиптештери менен болгон мамилесин байкайт. Ошондой эле, достук менен чыгармачылыкты бири-бири менен байланыштырып, туташтырып кете алган мыкты инсан экендиги да айдан-ачык көрүнүп турат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Агайыбыз өз учурунда, өз коомунда мугалимдик милдетин өтө так, жогорку деңгээлде аткарды. Ал мугалимдик кесипти тандады, анткени анын милдетин баарынан жакшы сезип, билип турду. Агайдын кесиби агайга дагы да дем берип, улам жаны тепкичке көтөрүп, жаны милдеттерди бере берди. Турдалы Иматов аны милдет катары эмес, өзүнө берилген сый катары кабыл алып, мугалимдик кесип агайга жалаң жакшы элестерди калтырды. Агай болсо, бул кесипти өзүнүн бактына тенеп, «Мугалимдин бактысы» аттуу ыр жазган.

Бала кыял, байолугум билемин,
Балдар менен бала болуп жүрөмүн.
Бала окутуп көп жылдары мектепте,
Бассам, турсам ойдо болуп мектебим,
Бекем ойлоп кандай билим берээрим.
Болбосун деп айткан сөзүм беймаза,
Бала сүйгөн бактылуу жан экенмин.
Билим берүү терендигин издедим [3].

Турдалы Иматов өмүрүнүн акыркы жылдарында жүрөк ооруга чалдыгат. Ооруу менен күрөшүп жүрсөда ыр жазганды токтоткон жок. Бирок, ооруу агайыбыздын мурдагыдай күчтүү болуусуна жол койбоду. Агайыбыз мурдатан эле көргөндөрүн, сезип туйгандарын жазган акын болгон. Ооруп жүргөндө өзүнүн оорусун дагы ырларга кошуп, окурмандарына ыр жазып калтырган. Ал «Акындык айтаар кебим» – деген ырында

Көгөрүп көк муз өндүү эриндерим,
Көтөрүп кан басымым келет менин.
Тагдырым талкаланып ооруп турат,
Табалбай ага даба ыйлайт сезим.
Кайратым толуп, болуп турган кезим,
Калкыма көп кызматты жасап келдим.
Бааласын, баалабасын бир жүргөндөр,
Жаштыктын жалындаган ысык кезин,
Жоготуп жайдакталып турган кезим.
Жакшы ырды жаратууну энсеп турат,
Жаралуу болсо дагы ички сезим.

Ба ркымды баалап алар кыргыз элим - деген өзүнүн оорунун азабын тартып турса дагы чыгарма жазууга далаалаттанып, мекенге болгон ыйык сезимин, насаат сөздөрүн кийинки муундарга калтырып кеткен [3].

Турдалы Иматов 2019-жылы 9-июнда узакка созулган жүрөк оорудан кийин дүйнөдөн кайткан. Анын элеси, өмүр жолу, чыгармалары үлгү катары өз элинин эсинде калды.

**Адабияттар:**


1. Иматов Т.. Айгүл тоо кайрыктары. - Бишкек, 2001-ж.
2. Иматов Т.. Кечиккен жаз. - Бишкек, 2009-ж.
3. Иматов Т.. Унутулгус учурлар. - Бишкек, 2017-ж.
4. Баткендин дүйшөнү. Т. Иматовду эскерүү жыйнагы. - Бишкек, 2020-жыл.
5. Койлубаева Н.К Воспитательное значение народных поговорок в развитии нравственности у молодежи. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 144-147